УДК: 325.252325-3 (579.2)

*Муратова Ч.К., улук окутуучу*
*Ош мамлекеттик университети*

# ГЛОБАЛДАШУУ ШАРТЫНДА КЫРГЫЗСТАНДАГЫ МИГРАЦИЯЛЫК ПРОЦЕССТИН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

# ОСБЕННОСТИ МИГРАЦИОННОГО ПРОЦЕССА КЫРГЫЗСТАНА В УСЛОВИЯХ ГЛОБАЛИЗАЦИИ

# FEATURES OF THE MIGRATION PROCESS OF KYRGYZSTAN IN THE CONTEXT OF GLOBALIZATION

***Аннотация**: Макалада глобалдашуу шартындагы миграциялык процесстердин мазмуну жана маңызы кеңири талданган.*

***Аннотация:** В данной статье проанализированы содержание и сушность миграционного процесса в условиях глобализации.*

***Abstract**: mhis article analyzes the content and essence of the migration process in the context of globalization.*

***Түйүндүү сөздөр:** эмгек базары, жумушчу күчү, эмгек мигранттары, акча которуу, миграциялык процесстер.*

***Ключевые слова:** рынок труда, рабочая сила, трудовые мигранты, денежные переводы, миграционные процессы.*

***Key words:** market presupposes, work force, money transfers, labor migrants, migration processes.*

Миграция - эң татаал жана көп тармактуу процесс. Айрым адистер муну адамзаттын өнүгүүсүндөгү мыйзам ченемдүү көрүнүш деп эсептешкен. Байыркы заманда эле элдер көчүп конуп жүрүшкөн жана мындай кыймыл биздин доорго да мүнөздүү дешет алар. Ал эми айрымдар миграцияны экономика менен биргеликте карашат. Кээ бирлер дүйнөлөшүү процессине байланыштырып, дүйнөнү кыдыруудагы техниканын жетишкендиктерин баса белгилешет. Ал эми Кыргызстандагы миграцияны кароодо узак мезгилди жана кеңири географиялык аймакты камтуу зарыл. Калкты иликтөө маселелеринин ичинен эң башкысынын бири миграция болуп эсептелет. Калктардын отурукташуусу, жерди чарбалык жактан өздөштүрүү, өндүргүч күчтөрдү жайгаштыруу, билим алуу, илимий иштерди жүргүзүү, түрдүү улуттардын өкүлдөрүнүн, алардын тилдеринин аралашуусу түбү келип миграциялык маселеге барып такалат. Миграция жеке же топтошкон адамдардын бир жыйынтыкка келип, тиешелүү чечим кабыл алуусунан кийин келип чыгат. Мунун түпкү мүдөөсү адамдардын жашоо тиричилигин жакшыртууга, тагыраак айтканда, турак жайга, акча каражаттарына, социалдык жагдайга коопсуздугун камсыз кылууга тыгыз байланыштуу. Ошол эле учурда миграция процесси айрым терс жагдайларды дагы пайда кылышы мүмкүн.

СССРдин ыдырашы союздук республикалардын ортосундагы ар тараптуу байланыш үзүлүп, көптөгөн ири ишканалар токтоп, экономикалык көрсөткүчтөр төмөндөгөн. Натыйжада жумушсуздук күч алып, массалык жер которуу башталган. Алгач европа элдеринин көчүү толкуну байкалган. Экономикалык жана саясий себептердин негизинде орус, украин, немец жана татар улутундагылар тарыхый мекенине кайта баштаган. Айрыкча өндүрүш ишканалары жайгашкан түштүк аймактардан жер которуу толкуну жогору болгон. Эмгек мигранттарынын саны көбөйүп, Кытай, Түркиянын чек араларынын ачылышы жумушсуздардын соодага аралашуусуна жол ачты.

Республика аймагында 70-жылдарда, айрыкча Советтер союзунун түрдүү региондорунан келгендер күч алып турган. Анткени бул жылдар аралыгында далай кен байлыктар иштетилип, өнөр жай ишканалары, гидро электр станциялары курулуп, экономика станциялары дурус өнүгө баштаган. Кыргызстан өз алдынча мамлекет болгондон кийин, миграциялык процесс экономикалык жана социалдык абал өтө күчөп, олуттуу чечимди талап кылган маселелер келип чыкты. Жыйынтыгында маселенин бири чечилсе, экинчиси

чечилбегендиктен миграция өлкөнүн социалдык-экономикалык абалына терс таасирин тийгизүүчү фактор катары калыптанды. Кыргызстандагы калктын миграциялык кыймылын иликтөө аркылуу өлкөнүн өнүгүү жагдайын билүүгө болот. 2000-жылдан тартып тышкы миграциянын агымы кайрадан ылдамдай баштаган. Алсак, өлкө боюнча 2005-жылы 31,6 миң, 2007-жылы 54,6 миң 2009-жылы 33,4 миң 2013-жылы 38,9 миң адамга жеткен [1].

*Тышкы миграциянын калыптануу өзгөчөлүгү % менен*

*1-таблица* [2]

| Жылдар | Тышкы миграциянын өлчөмү миң адам | |
|---|---|---|
| | келгендер | кеткендер |
| 2005 | 4,0 | 31,6 |
| 2007 | 4,5 | 21,2 |
| 2009 | 3,8 | 30,7 |
| 2013 | 3,4 | 54,6 |
| 2016 | 4,0 | 33,4 |
| 2018 | 3,5 | 38,9 |

Кыргыз өкмөтүнүн басма сөз кызматы маалымдагандай, жыл сайын мамлекетибизден 100 миңдей жаштар эмгектенүү үчүн чет өлкөгө чыгып кетишет. Акыркы 9 жылдын ичинде республикадан 70 миң кыргыз дүйнөнүн башка өлкөлөрүнө кеткен. Өлкөдө Россияга кеткендердин 75% орус улутундагылар менен кыргыздар камтыса, Казакстанга баргандардын 50%ден ашыгы кыргыз, казак элдеринин өкүлдөрүнө туура келет.

Кыргызстандын эмгекке жарамдуу адамдардын улутуна карабай кетип жатышы негизинен экономикалык, социалдык жагдайга байланыштуу. Эмгек миграциясы азыр калктын бүт катмарын, тагыраак айтканда, улутуна, жашына, кесибине, жашаган жерине карабастан камтып жатат. Булардын арасында көптөгөн врачтар, куруучулар, илимпоздор, фермерлер жана чыгармачыл адамдар бар. Булардын басымдуусу соода жайларында, турак-жай коммуналдык чарбаларда, агрардык секторлордо, курулуш тарабында иштейт. Республикадан кеткендердин 73,4 % Россияга, 13,2% Казакстанга туура келет. Мисалы, Россияга Баткен, Жалал-Абад, Нарын областтарынан, Бишкек, Ош шаарларынан көп барса, Казакстанга Талас, Чүй, Ысык-Көл областтарынан сапар тарткандар арбын.

Тышкы эмгек миграциясынын токтобой уланып жатышы бир катар терс жагдайды пайда кылып, ошол эле учурда мунун оң жактары бар. Булар эң алды менен эмгек базарындагы демографиялык басымдын төмөндөшүн, эмгекке жарамдуу калкты, айрыкча жаштарды ишке көбүрөөк тартууга мүмкүнчүлүктүн түзүлүшүн, өлкөнү эл аралык базар эмгегине аралаштырууга шарттын пайда болушун кошууга болот. Эң башкысы эмгек мигранттарынын үй-бүлөсүнүн жашоо деңгээлин көтөрүүгө, алардын орто жана чакан инвестициялык долбоорлорго катышуусун бир топ кеңейтүүгө толук мүмкүнчүлүк түзүлөт. Анткени убакыт өткөн сайын республикага эмгек мигранттар аркылуу которулган акчалай каражаттын көлөмү өсүп жатат.

Кыргызстан өз алдынча өлкөгө айлангандан тартып, экономикалык тайкы реформанын кесепетинен улам айылдан шаарга миграциянын агымы күчөп, жумушсуздардын жана жалпы эле жарандардын саны арбыган [3]. Өлкөнүн ичиндеги мигранттардын олуттуу бөлүгүн эмгекке жарактуу курактагы адамдар ээлейт. Көп жылдык иликтөө көрсөткөндөй, миграциялык агымдын өлчөмү бирдей эмес. Бишкек шаарына жана Чүй облусунун аймагына көп жылдардан бери республиканын башка облустарынан көчүп келгендердин саны ички миграциянын эсебинен арбыса, калган облустарда калктын саны салыштырмалуу кемип жатат.

Өлкөнүн аймактарынын ортосундагы миграциялык агымдын өлчөмүнө бири экинчисине байланыштуу социалдык-экономикалык, саясий, демографиялык, экологиялык факторлор олуттуу таасирин тийгизет. Саламаттыкты сактоо министрлиги Кыргызстандагы аялдардын 70 пайызга жакыны аз кандуулуктан жабыркай тургандыгын билдирди. 2012-жылы жүргүзүлгөн медициналык-демографиялык изилдөөлөргө ылайык зордук-зомбулук

көргөн келиндердин көбү Нарын, Ош облустарында катталган; Өз убагында калктын социалдык-экономикалык абалынын төмөндүгүнөн кабар берет. Булар өз кезегинде мамлекеттин калыптануусуна, өнүгүүсүнө, алардын улуттук түзүмүнө, табигый өсүүсүнө, иш менен камсыз болушуна, жашоо деңгээлине ылайык калыптанып, тигил же бул өлчөмдө өзгөрүлүп турат. Жогоруда иликтөө көрсөткөндөй, калктын өлкө ичиндеги жана тышындагы миграциялык агымга аралашкандардын басымдуу бөлүгү эмгекке жарамдуу калктын өкүлдөрү камтый тургандыгы аныкталды. Миграция боюнча глобалдык программага Кыргызстандын кирүүсүнүн алкагында өткөн маалымат жыйында мигранттар жөнөткөн акча каражатынын өсүүсү боюнча мамлекетибиз экинчи орунга чыккандыгы айтылды. Дүйнөлүк банктын маалыматына ылайык, ички дүң продукциянын түзүмүндө мигранттар которгон акча каражаттарынын көлөмү боюнча Кыргызстан экинчи орунда турат. Бүгүнкү күнгө карата эмгек мигранттар жөнөткөн акча жылына 2 миллиард доллардан ашып, бул көрсөткүч чет жердик инвестициядан жана өнүктүрүү боюнча келип түшкөн кредиттерден да ашып түшөт [4].

Ошондуктан мамлекеттин мындан аркы миграциялык саясатынын уңгусун төмөнкүлөр камтышы зарыл: мигранттардын мыйзам ченемдүүлүгүн жөнгө салуучу бир катар нормативдик-укуктук актыларды даярдоо жана айрымдарын кайрадан карап, жаңыртып чыгуу; ички, тышкы миграциялык жагдайды толугу менен жөнгө салууга ылайыкталган жана материалды камсыз кылуучу мамлекеттик деңгээлдеги бирдиктүү маалыматтык борборду ачуу; миграциялык агымдын көзөмөлдөн чыгып кетишин камсыз кылуу үчүн биринчи кезекте элет жериндеги жана чакан шаарлардагы социалдык-экономикалык маселелерди кечиктирбей чечүү, эң башкысы ылайыктуу иш менен камсыз кылуу.

**Адабияттар**


1. Уметова. Э. Трудовая миграция в Кыргызстане: проблемы и особенности. Центральная Азия и культура мира- 2012. №1-2
2. (Булак) Занятость, безработица, трудовая миграция-Бишкек. НСК, 2007
3. Архив Министерства труда, занятости и миграции Кыргызской Республики.
4. Омаров Н. Миграционные процессы в Кыргызской Республике в годы независимости: итоги десятилетия –Бишкек. 2010 г.